| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП 06 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
отурумунда
Протокол № 3
«26» ноябрь 2025-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И. Раззаков атындагы КМТУнун
ректору
_____________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/269
«28» ноябрь 2025-ж.

# И. РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун УКУК ИШТЕР БӨЛҮМҮ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2025**

## ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ БАРАКЧАСЫ

| УЧА верс. № | Өзгөртүү киргизилген же кошумчаланган бөлүм/пункт же абзацтын номери (бетин көрсөтүү менен) | КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин прот. № жана датасы |
|---|---|---|
| 1 | | 6.01.2024 ж. ректор тарабынан бекитилген |
| 2 | 1.2 жана 2.8. пункттары кошулду<br>1.6; 2.4; 2.5 жана 2.7 пункттары жаңы редакцияда жазылды | Протокол №3<br>6.11.2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жобо

1.1. Укук иштери боюнча бөлүм (мындан ары - УИБ) И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары - И.Раззаков атындагы КМТУ) структуралык бөлүмү болуп эсептелет.

1.2. УИБ төмөнкү укуктук-ченемдик документтерди жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы (мындан ары - КР);
- Р Эмгек кодекси;
- КР «Билим берүү» жөнүндөгү мыйзамын;
- КР Министрлер кабинетинин токтомдору,буйруктары жана башка мыйзам актыларын;
- КР илим жогорку билим жана инновациялар министрлигинин токтомдорун, буйруктарын жана башка укуктук ченемдик актыларын;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун Уставын;
- Жамааттык келишимди;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун ички эмгек тартибинин эрежелерин;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун ички ченемдик актыларын;
- ушул Жобону.

1.3. УИБны түзүү, жоюу, өзгөртүп түзүү ректордун буйругу менен ишке ашырылат.

1.4. УИБнын түзүмүн, штаттык бирдиктерин, кызматтык милдеттенмелерин И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору бекитет.

1.5. УИБун анын башчысы жетектейт жана түздөн-түз ректорго баш ийет;

1.6. УИБнын башчылыгына юридикалык кызматтарда 5 жылдан кем эмес стажы бар, жогорку юридикалык билимдүү кызматкер дайындалат;

1.7. УИБнын негизги милдеттери болуп төмөндөгүлөр эсептелет:

- И.Раззаков атындагы КМТУ тарабынан мыйзамдуулуктун сакталышы.
- И.Раззаков атындагы КМТУнун кызыкчылыктарын юридикалык жактан коргоо.
- Келишимдик жана талап коюу иштери.
- И.Раззаков атындагы КМТУнун кызматкерлерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын колдонуу боюнча кенештерди берүү.

## 2 . УИБнын функциялары

УИБнун негизги функциялары:

2.1. И.Раззаков атындагы КМТУнун ар кандай багыттагы чыгарылган буйруктарынын, инструкцияларынын, жоболорунун мыйзамга туура келишин текшерүү.

2.2. И.Раззаков атындагы КМТУнун тарабынан түзүлө турган келишим, макулдашуулардын долбоорлорунун мыйзамга туура келишин текшерүү.

2.3. Адистештирилген бөлүмдөр менен бирдикте, тиешелүү багыттардагы жобо, инструкция типтүү документтердин долбоорун иштеп чыгуу.

2.4. Сотто, укук коргоо жана мамлекеттик (мамлекеттик эмес) органдарда университеттин кызыкчылыктарын көздөө, өкүлчүлүк жүргүзүү.

2.5. Талап коюу, арыз-даттанууларды түзүү жана алар боюнча жоопторду даярдоо.

2.6. И.Раззаков атындагы КМТУнун менчигин камсыздоо, коргоо боюнча документердин долбоорун иштеп чыгууга катышуу.

2.7. И.Раззаков атындагы КМТУнун кыймылсыз, кыймылдуу мүлктөрүн тиешелүү мамлекеттик орган аркылуу каттого алуу боюнча документтерди даярдоо.

2.8.И.Раззаков атындагы КМТУ жана анын түзүмүдүк бөлүмдүрөн кайра уюштуруу учурларда юстиция органдарынан кайра каттоо иштерин жүргүзүү.

2.9. Укуктук жардам берүү боюнча документерди түзүүдө жардам берүү.

## 3.УИБнын укук милдеттери

3.1. УИБнын ишмердуулугунун зарылчылыгына жараша И.Раззаков атындагы КМТУнун тиешелүү бөлүмдөрүнөн керектүү документтерди, билдирүүлөрдү талап кылуута.

3.2. УИБ тарабынан даярдалып жаткан локалдык,ченемдик актылар жана башка документтерди иштеп чыгуу боюнча иш чараларга тиешелүү бөлүмдүн кызматкерлерин, алардын жетекчилеринин макулдуугу боюнча ишке тартуу.

3.3. И.Раззаков атындагы КМТУнун жетекчилигинен, бөлүм башчыларынан, локадык ченем актыларынын долбоорлорун макулдашуу учурундагы көрсөтүлгөн эскертүүлөрдү, киргизилген кошумчуларды жоюуну талап кылууга.

3.4. Колдонулуп жаткан мыйзамдарды иш жузундо колдонуу жана башка укуктук багыттагы откорулгон, талкууланып жаткан И.Раззаков атындагы КМТУнун жыйындарына катышуу.

3.5. Иштеп жаткан локалдык ченем актыларына өзгөртүү, кошумча киргизүү.

3.6. УИБнын компетенциясынын чегинде,мамлекеттик мекеме уюмдар, коомдук уюмдар, сот органдары жана И.Раззаков атындагы КМТУнун бөлүмдөрү менен ушул жободо аныкталган денгээлде иш алып баруу.

3.7. И.Раззаков атындагы КМТУнун жетекчилигине УИБнын кызматкерлерин сыйлоо жана дисциплинардык чара колдонуу сунушу менен кайрылуу.

## 4. УИБнын жоопкерчилиги

4.1. УИБ колдонулуп жаткан эмгек мызамдарынын чегинде И.Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун алдында томондогу тартиптик жана материалдык жоопкерчиликти тартат:

- ички эмгек тартибинин эрежелерин, өзүнүн кызматтык милдеттерин,университеттин буйруктарын аткарбагандыгы же тиешелүү түрдө аткарбагандыгы;
- И.Раззаков атындагы КМТУга келтирилген чыгым үчүн;
- Кыргыз Республикасындагы колдонулуп жаткан мыйзамдардын, И.Раззаков атындагы КМТУнун ички ченем актыларынын талаптарын бузандыгы учун;
- УИБнын ишинин жыйынтыгы жана эффективдүүлүгүнө;
- УИБ тарабынан даярдалган же болбосо УИБга түшкөн документтердеги купуялуулукту сактоо;
- эмгекти коргоо, коопсуздук эрежелерин сактоо.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

АРБ башчысы ______________________ А.К. Мусаева

УИБ башчысы ______________________ А.Ж.Исраилов